*Сатарбаев А.М.*

# АДМИНИСТРАТИВДИК-УКУКТУК ТААСИР БЕРҮҮЧҮ КАРАЖАТТАРДЫН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ

*Сатарбаев А.М.*

# СУЩНОСТЬ И СОДЕРЖАНИЕ СРЕДСТВ АДМИНИСТРАТИВНО-ПРАВОВОГО ВОЗДЕЙСТВИЯ

*A.M. Satarbaev*

# ESSENCE AND CONTENT OF MEANS ADMINISTRATIVE AND LEGAL EXPOSURE

*УДК: 342.9/351*

*Макалада административдик-укуктук таасир этүүчү каражаттардын мазмуну жана маңызы берилет, ошондой эле административдик-укуктук таасир этүүчү каражаттардын негизги мүнөздөрү жана юридикалык белгилери. Юриспруденция илиминдеги укуктук жактан жөнгө салуучулук ыкмалардын мазмунун талдап караганда мында – укуктук каражаттардын жардамы астында (юридикалык ченем, укуктук карым-катнаш, жеке укуктук буйруктарды аткаруучулук ж.б.) коомдун өнүгүүсүнө таасир берүү менен ченемдик уюштуруучулуктун натыйжасын көрсөтүүнү тастыктап, анын коопсуздугун, ырааттуулугун камсыз кылгандыгын байкоого болот. Жогорудагы теориялык аныктаманы эске алганда укуктук жөнгө салуучулук түшүнүгүн, укуктук таасир этүүчү түшүнүгү аркылуу аныктоо менен, биз сөзсүз түрдө акыркы түшүнүк кеңири мааниде ээ экендигине басым жасашыбыз зарыл, анткени ал коомдогу бардык багыттарды өзүнө камтыган жана ага таасир берүүчү укуктук форманы калыптандырат.*

***Негизги сөздөр**: административдик-укуктук таасир этүү, укук, мыйзам, коом, мазмун, маңыз, каражат, укуктук карым-катнаш.*

*Статья содержит содержание и сущность административно-правовых средств воздействия, а также основные характеристики и юридические признаки средств административно-правового воздействия. Анализируя содержание правовых регуляторных подходов в науке юриспруденции, следует отметить, что при помощи правовых средств (юридическая норма, правоотношения, исполнение частноправовых приказов и др.) подтверждая представление результатов нормативной организационной деятельности, влияющей на развитие общества, можно наблюдать за показанием результатов нормативной организационной деятельности, обеспечением ее безопасности, последовательности. Принимая во внимание вышеизложенное теоретическое определение, определяя понятие правового регулирования через понятие правового воздействия, необходимо подчеркнуть, что последнее, безусловно, имеет широкое значение, поскольку оно формирует правовую форму, которая включает в себя и влияет на все направления в обществе.*

***Ключевые слова:** административно-правовое воздействие, право, закон, общество, содержание, сущность, средства, правоотношения.*

*The article contains the content and essence of administrative and legal means of influence, as well as the main characteristics and legal features of administrative and legal means of influence. Analyzing the content of legal regulatory approaches in the science of jurisprudence, it should be noted that with the help of legal means (legal norm, legal relations, execution of private legal orders, etc.) confirming the presentation of the results of normative organizational activity affecting the development of society, it is possible to observe the indication of the results of normative organizational activity, ensuring its safety, consistency. Taking into account the above theoretical definition, defining the concept of legal regulation through the concept of legal impact, it is necessary to emphasize that the latter, of course, has a broad meaning, since it forms a legal form that includes and affects all directions in society.*

***Key words:** administrative and legal impact, law, law, society, content, essence, means, legal relations.*

Ушул жагдайда караганда, укуктук таасир этүү түшүнүгүнүн мазмунун көрсөтүү менен биз, эң негизгиси, бул укуктук каражаттардын коомдун өнүгүшүндөгү жана андагы ар түрдүү тармактардагы ырааттуулук менен эриш аркак такшалып бара жаткандыгын байкоого болот.

Акыркы мезгилдеги мамлекеттик башкаруу теориясында жана административдик-укуктук тармактардагы илимий эмгектерде, башкаруу бул өзгөчө таасир берүүчү (башкаруучулук) системанын башкаларга (башкарылуучуларга) таасир берүү менен чоң системаны мыйзам ченемдүүлүктүн негизинде өз функциясын аткарып келүүдө деген үстөмдүк кылуучу жалпы жобону негиз деп келишет. Анткени таасир этүүчү методдор түшүнүгү, мамлекет өзүнүн органдары аркылуу адамдардын аң сезимине жана алардын жүрүм-турумуна таасир этүүчү каражаттары менен төмөндөгүдөй белгилерди өзүнө камтыйт: багыттоочу, бөлүштүрүүчү, иретке келтирүүчү, кординациялоочу жана стимулдаштыруучу болуп административдик-укуктук таасир берүүчү элементтердин жыйындысын түзөт.

Бирок административдик-укуктук таасир этүүчү каражаттардын негизги элементтеринин бири болгон, багыттоочу каражаты болсо, укук таануу чөйрөсүндө

белгилүү болгондой, кайсыл чөйрөдө же кайсыл тармакта өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөндүгүн аныктаса; иретке келтирүүчү каражаты болсо, максатка жетүү үчүн бир гана таасир берүүчү каражаттар эмес, өз ара аракеттешүү менен керек болсо, жеке демилгенин активдүүлүгүн көрсөтүү менен башкаруу дагы башка субьектилерге байланышпастан туруп эле аракет жасаганга мүмкүнчүлүгү жетет; координациялоо каражаты болсо таасир этүү менен эмес, өз ара эриш-аркакта кызматташуу аркылуу өз ара шайкеш келтирүү менен максатка жетишсе, ал эми демилге жаратуу каражаты болсо, укук бузууну токтотуу чарасы аркылуу, коомдук коопсуздукту жана административдик укуктун субъектилеринин жүрүм-турумдарынын жалпы кабыл алынган эрежесин сактап, укуктуулукту камсыз кылып турууга жетишкендүүлүгүндө болуп эсептелинет.

Административдик-укуктук таасир этүүчү иш-аракетүүлүк каражаты. Мамлекеттик администрациянын жашоосундагы негизги функцияны аткаруучусу катары кабыл алынгандыгы талашсыз жобо, бирок бул принципти колдонууда эч качан административдик укуктун субъектилеринин ортосунда өз ара эриш-аркак каражатын колдонбостон, алар өз функциясын аткаруу керек. Чындыгында Кыргыз Республикасында да 1993-жылдагы 5-майда кабыл алынган Конституцияда туруктуу түрдө бийлик бутагынын бири болгон «аткаруу бийлиги» түшүнүгү кабыл алынган. Ошондуктан юриспруденция илиминдеги салттык принцип катарында кабыл алынган административдик укуктун юридикалык мүнөзүнө анын өзгөчө методу укуктук жөнгө салуучулук касиетин эске алуу зарыл.

Административдик-укуктук изилдөөлөрдөгү теориялык көз караштарда, көпчүлүк окумуштуулардын пикиринде дагы эле болсо «административдик укук өзүнүн жөнгө салуучулук методунда өзгөчө касиетке ээ экендигин белгилешет. Анткени, ал өзүнө баш ийген субьектилерге болгон өз ара мамилелеринде башкаруучулук функцияны аткарууда аткаруучулук-бөлүштүрүүчүлүк органдардын кызыкчылыгын көздөгөн принципти кармайт». Жогорудагы методго мүнөздүү болгон бул «мыйзамдуу буйрук» түшүнүгүн кароого болот.

Административдик-укуктук мамилелер бул бийликтик мамилелердин булагын түзүп, ал эми анын жөнгө салуучулук методу болсо бир субъектинин сөзсүз түрдө экинчи бир субъектиге таасир этүү менен баш ийүүсүн шарттагандыктан да ал буйрукчул түрдөгү өзгөчө башкаруучулук мүнөзгө ээ. Административдик-укуктук мамилелердин пайда болушундагы өзгөчөлүк, бул анын сөзсүз түрдө башкаруу чөйрөсүндө кездешкендигинде. Анткени, юридикалык тең укуктуулук мына ушул жерде сакталбайт, өзгөчөлүгү башкаруучулук ыйгарым укукка ээ болгон бир тарап укуктук мамиле түзүүдө, анын экинчи тарапка (баш-карылуучуларга) белгилүү бир юридикалык каражаттардын жардамы астында өз эркин таңуулоо менен аракеттенгендигинде. Натыйжада бир тараптуулук өкүм сүрүп, бир тараптын эркин билдирген өңүттө каралып, экинчи тараптын тең укуктуулугун бузган көрүнүштө, экинчи тарапка таңууланган эрежелерди аткаруусун шарттайт. Демек тараптардын кайсыл жагынан демилге чыкпасын (официалдуу бийлик органы, административдик укуктун субъектиси) аткаруу бийлигинде ал бир тараптуу жалпы кабыл алынган эрежелерди сактоо менен ишке ашырылышы зарыл.

Жогорудагы мамлекеттик башкаруу маселесиндеги кибернетикалык мамилелердин, коомду башкаруудагы социалдык системанын сигналын дагы мамлекеттик башкаруудагы жетекчилик функциянын аткарууда кездешүүсүн аныктайт. Мына ушундай өңүттө түзүлгөн маалымат башкаруу чөйрөсүндөгү программага ылайык кабыл алынат да, анын мааниси экинчи орунга жылып калгандыгын байкоого болот. Бирок, биз башкаруудагы ушул комуникациялык максатта түзүлгөн сигналдар дүйнөсү эмес берилген сигналдын мааниси жөнүндө маалыматты кабыл алуусу керек. Натыйжада сунуш кылынган башкаруудагы бул модел чындыгында социалдык системадагы инсандын ага берилген укуктук ченемдик актыларды айласыздан кыңк этпестен баш ийүүчүлүк менен аткаруу, системаны орнотуу менен коомдогу энтропиялык (пикир келишпестик) жолдун түзүлүшүнө алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, сөзсүз түрдө буйрук менен аткарылуучу башкаруу системасындагы укуктук ченемдер дайыма административдик-укуктун субъектилерине (персонификациялоону) тиешелүү жана жекелик түрдө берилишин талап кылат.

Салттык түрдөгү административдик-укуктук илимий изилдөөлөрдө, башкаруу дагы объект менен субъектинин ортосундагы карама-каршылыктар жөнүндө жазылып келет, бирок бул көрүнүш көбүнчө техникалык же социотехникалык кыймылдарга мүнөздүү экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Кылым карыткан адамзат цивилизациясынын тарыхында, инсандардын жашоосундагы ишмердүүлүгүн эки типтеги билим өз кызмат көмөгүн көрсөтүп келет. Биринчи типтеги билим – объект жөнүндөгү билим, мында инсандардын кыймыл аракетинин жардамы астында нерселерди түзөбүз, кайрадан түзөбүз жана алар биздин көз алдыбызда өзгөрүлөт, жаңы формага келишет жана трансформацияланышат. Экинчи типтеги – мында биздин ишмерлүүгүбүз жөнүндө, анын каражаты, ыкмалары жана технологиялары ж.б.у.с. нерселердин негизинде билимдин кызмат кылышы маанисин билдирет. Ушул эки типтеги билим принципиалдуу түрдө ар түрдүү формада өз алдынча жашоосун улантат жана ар кандай мезгилдерде биздин жашообузга өз ишмердүүлүктөрүнүн негизинде кошулушат.

Башкаруудагы башкаруучулук (жетекчилик) жана башкарылуучу (көз каранды) системасынын ишмердүүлүгүн аткаруучу функциясын бир жактуу гана субьектик-обьектик аракет катарында кароого болбойт. Мамлекеттик башкаруу жана ага жетекчилик кылуу – бул өзгөчө ишмердүүлүктөгү юридикалык каражаттардын негизине жана укуктук формада орнотулуп, атайын механизмдердин жардамы аркасында жүрүм-турумга ой жүгүртүүлөрдүн жардамы аркасында ишке ашырылат.

Айтылган жоболорго таянып караганда административдик-укуктук жөнгө салуучулук методдордун белгилеринде, чындыгында баш ийүүчүлүк мамлекеттик-башкаруучулук (тагыраак айтканда мамлекеттик-жетектөөчүлүк) мүнөздүү мамилелерде кездешет. Ал эми орус окмуштуусу Е.А. Агееванын эмгегинде мамлекеттик администарция өзүнүн ишмердүүлүгүндө аткаруучулук-бийлик чөйрөсүндө өзүнүн таасир этүүчү каражаттары менен бирге, ушул эле башкаруучулук жетекчилик чөйрөсүндө кызмат кылбастан, ал башкаруучулук таасир этүү мейкиндигинде да өз ишмердүүлүгүн камтуусу керек деп белгилеген.

Жалпысынан карганда жетекчиликтин ишмердүүлүгү таза түрдө төмөндөгүдөй мезгилдерде кездешет, (белгилүү бир территорияда) баш ийүүчүлөр өз алдынча көз карандысыз өз функцияларын аткара албаганда, өз алдынча алдына аткара турган максат, багыт коё албай турган мезгилде, башкача айтканда, бүтүндөй башкаруучу жетекчилердин максатын, багытын кабыл алгандыгын белгилешибиз керек. Ошону менен катар өз мезгилинде башкаруу ишмердүүлүгү тетирисинче төмөндөгүдөй мезгилдерде кездешет, (белгилүү бир территорияда) баш ийүүчүлөр өз алдынча функцияларын аткаруу менен (өз алдынча өнүгүү менен) жана административдик байланышы жок эле өзүнө керектүү болгон укуктук актылар менен өз функцияларын аткаруусу; анткени башкарылуучу объектилер дайыма өз алдынча ички функцияларын аткарууда максаты болуп жетишкен ийгиликтеринен баш тартышпайт (башкаруу чөйрөсүндө).

Мамлекеттик-башкаруучулук мамилелерде сөзсүз түрдө башкаруучулук таасир этүүчү бийликтин белгилери административдик субъектилеринин ортосунда пайда болот. Бул көрүнүш административдик милдеттерди аткарууда кездешип, ал мыйзамдуу түрдө башка субъектилердин кызыкчылыгын коргогонго багытталып, сөзсүз эле кимдир бирөөгө атайын аты аталбастан, персонификациялаштырылбаган мезгилдерде кездешет.

Мына ушундай жалпы милдеттерди талап кылган көрүнүштөр, жаратылышка таасир этүү мезгилинде, анын табигый сулуулугун сактоого жана эпидемиялык оорууларга карата кабыл алынган эрежелерди аткарууну, айлана чөйрөбүздү курчап турган жаратылышты сактоону талап кылган эрежелерди, жалпыга милдеттүү түрдө моблизациялоо мезгилинде, өрткө каршы күрөшүү эрежелерин, өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга байланышкан ченемдерди аткарууда тиешелүү талаптарды милдеттүү түрдө аткаруучуларында кездешет. Ушул көрүнүштөр, жалпылыктын белгисинде абсолюттук түрдө талап кылынуучу, кабыл алынган укуктук-ченемдик актылардын түздөнтүз аткарылышын камсыз кылып, күндөлүк турмушубузда кездешүүчү эң жөнөкөй (элементардык) түрдө сакталуучу жүрүм-турумдар жана татаал эрежелерди талап кылбастан аткарылуучу ченемдер эсептелинет.

Экинчи топко кирген абсолюттук түрдө жалпы административдик милдетти аткаруучу жагдайларга байланышкан бийлик органдарына укуктук-ченемдик актыларды аткаруу ишмердүүлүгүнө көмөк көрсөтүүдө, алардын функциясын мыйзамдуу түрдө аткарылышына көмөктөшөт: моблизациялоо жана моблизацияга даярдык көрүү иш чарасында, КРдын атуулдарынын аскердик милдеттүүлүк багытында жана атуулдук коргонуу маселелерин чечүүдө кездешет. Ушул жерде белгилеп кетүүчү жагдай аскерге милдеттүүлүк альтернативдик жана аскерден бошотуу маселеси КРнын атуулдарынын жалпыга милдеттүү түрдөгү аскердик жана альтернативдик кызмат өтөөсү жөнүндөгү мыйзамы 9-февраль 2009-ж. №43. Бул укуктук-ченемдик актыда атуулдардын аскердик кызматтан бошотуу же альтернативдик кызмат өтөөсү каралган.

Үчүнчү топко кирген абсолюттук түрдө жалпы административдик милдетти аткаруучу жагдайлар инсандардын туруктуу жашаган жериндеги паспорттук каттоодо турушу, убактылуу келгендеги каттоого турушу жана алардын каттоодон чыгышы менен кайсыл жактарда жүрүшүн көзөмөлгө алуу максатында жүргүзүлөт.

Жалпысынан алганда, администартивдик-укуктук таасир этүүчү каражаттардын жыйынтыгы, бул сөзсүз түрдө институционалдык түрдөгү мамлекетти башкаруудагы аткаруу бийлигинин өз функциясын аткаруудагы укуктук жактан камсыз болгон чексиз ачык түрдөгү субъектилердин кызыкчылыгын көздөгөн ошол эле убакта атайын рамкадагы укуктук ченемдерди аткаруудагы негизги каражаттар жыйнагы болуп эсептелинишет.

**Адабияттар:**


1. Алексеев С.С. Общая теория права. - М.: Юридическая литература, 1981. - Т.1. - С. 290.
2. Козлов Ю.М. Основы советского административного права. - М.: Знание, 1979. - С. 41.
3. Осинцев Д.В. Методы административно-правового воздействия. - СПб., 2005. - С. 8.
4. Афанасьев В.Г. Человек в управлении обществом. - М.: Политиздат. 1977. - С. 46.
5. Агеева Е.А. Юридическая ответственность в государственном управлении. - Л.: ЛГУ, 1990.
6. КР элдеринин ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамы. 11-июнь 2003-жыл N96. 9-глава. 42-берн, КР атуулдарынын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамы. 25-июл 2012-ж. N137. Глава 20-27 берене, КР айдана чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамы. 27-апрель, 2009-ж. №131. 40-47-берен. КР өрт коопсуздугу жөнүндө мыйзамы. 17-июнь 1996-ж., КР Өзгөчө кырдаалдар жөнүндө Конституциялык мыйзамы. 24-октябрь 1998-ж.
7. КР моблизациялоого даярдык жөнүндө мыйзамы. 30-сентябрь 1998-ж. №125, КРнын Атуулдарынын жалпыга милдеттүү түрдөгү аскерге жана альтернативдик кызмат өтөөсү жөнүндөгү мыйзамы 9-февраль 2009-ж. №43.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Орозов Ж.Ж.**